1. Аталышына жана мукабасына карап, чыгарма ким же эмне жөнүндө деп ойлойсуң?

2. Сүрөттөрүнө карап, бул чыгарма эмне жөнүндө деп ойлойсуң?

3. Бул чыгармада эмне окуя болот деп ойлойсуң? Эмне үчүн андай деп ойлойсуң?

4. Чыгармада кандай каармандар болушу мүмкүн?

5. Теманын же окуянын сенин жашооңо байланышы барбы? Кандайча?

1. Мындан ары эмне болот деп ойлойсуң?

2. Чыгарманы окуганга чейин эмне болот деп ойлодуң эле? Окуя сен ойлогондой аяктайт деп ойлойсуңбу?

3. Эмне үчүн башкы каарман _________ кылды/жасады деп ойлойсуң?

4. Башкы каармандын ордунда болсоң эмне кылат элең?

5. Чыгарманы окуп жатып эмнелерди элестетесиң?

6. Чыгарманы окуп жатканда сенде кандай суроолор пайда болуп жатат?

7. Чыгарманы окуганга чейин эмне болот деп божомолдодуң эле; окуя сен божомолдогондой аяктайт деп ойлойсуңбу? Мындан ары окуя кантип уланат деп ойлойсуң?

1. Чыгарманын аты эсиңдеби?

2. Чыгарманын аты анын мазмунуна дал келеби? Бул чыгармага башка кандай ат коёт элең?

3. Сенин божомолдоруң туура чыктыбы?

4. Каармандны кандай сүрөттөйт элең?

5. Каарман көйгөйдү кандай чечти? Ал көйгөйдү чече алдыбы?

6. Бул көйгөйдү чечүүнүн башка жолдору барбы?

7. Чыгармада каармандар өзгөрдүбү? Кайсы каарман өзгөрдү жана кандайча өзгөрдү?

8. Бул чыгарма бизге эмнени үйрөтөт деп ойлойсуң?

9. Бул чыгарманын эмнеси сага абдан жакты? Эмне үчүн?

10. Эгерде сага бул чыгармага башка каарман же окуя кошуп айтып бер десе, кандай каарман/окуя кошот элең?

11. Каармандар сенин тааныштарыңа окшошобу? Кимге окшош жана эмнеси менен окшош?

12. Бул чыгарманы ырааттуу түрдө айтып бере аласыңбы? (ырааттуулукту сактоо үчүн “адегенде, анан, андан кийин” деген сыяктуу сөздөрдү колдонсо болот)